| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>**ЖАҢЫ-ЖЕР<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЖАНЫ-ЖЕРСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |
|---|---|---|

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз сессиясынын**

**№ 35 Т О К Т О М У**

Арка айылы 18-июнь 2025-жыл

**Жаңы-Жер айыл аймагынын Достук айылынын С.Садыков көчөсүндө жайгашкан 33 263 кв.м жер тилкесин жана анда жайгашкан имараттарды муниципалдык менчикке каттоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4-беренесинин 3-бөлүмүнө, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 5-19-беренелерине ылайык, Лейлек райондук сотунун 2024-жылдын 20-февралындагы №ГД-263/22-БА4 сандуу чечиминин жана Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун административдик сотунун 2025-жылдын 22-апрелиндеги иш №АД-31/2025-МБа сандуу аныктамасынын негизинде Жаңы-Жер айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жаңы-Жер айыл аймагынын Достук айылынын С.Садыков көчөсүндө жайгашкан 8-03-03-1003-0405 кодундагы 33 263 кв.м жер тилкесин жана анда жайгашкан имараттары муниципалдык менчикке катталсын.

2. Токтомдун аткарылышы жана тийиштүү иш кагаздарын түзүү жагы Жаңы-Жер айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага: Ж.Мурадилов**